**Каралды:**
**Педагогикалык**
**кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү**
**мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

## № 94 ЖОББ мектебинин ата-энелер комитети жөнүндө жобосу.

**1. Жалпы жоболор**

1.1. Бул Жобо № 94 мектебинин ата-энелер комитетинин ишин жөнгө салат жана Мектептин өзүн-өзү башкаруу органы болуп эсептелет.

1.2. Ата-энелер комитети жөнүндө жобо жалпы мектептин ата-энелердин чогулушунда кабыл алынат, мектептин директорунун буйругу менен бекитилет.

1.3. Ата-энелер комитети (мындан ары комитет) ата-энелерди жалпы чогулушунда ата-энелер тарабынан шайланат. Класстын ата-энелери комитетке баш ийет жана комитет жалпы ата-энелер чогулушунда иши боюнча отчет берет. Комитеттин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 1-2 жыл.

Комитеттин курамы ата-энелер жыйынында аныкталат.

1.4. Ата-энелер комитетинин иш – аракеттери БУУнун баланын укуктары боюнча Конвенцияга жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жатындагы мыйзамдарына, №94 мектебинин Уставына ылайык жүргүзүлөт.

1.5. Ата-энелер комитетинин чечимдери билим берүү уюму үчүн сунуш болуп саналат Комитеттин ошол чечимдерин мектептин пед кеңеши туура деп тапкан учурда анын аткарылышы үчүн мектептин директору буйрук берет.

2. Ата-энелер комитетинин милдеттери:

Комитеттин негизги милдеттери:

2.1. Мектеп- гимназиясынын администрациясына жардам берүү:

- спорттук жана коңул ачуучу иш-чараларды өткөрүүдө,
- билим берүү мекемесинде маданий, эс алуу иштерин уюштурууда,
- класстан тышкаркы жалпы иш-чараларды уюштурууда жана өткөрүүдө.

2.2. Окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен иштөөнү уюштуруу алардын укуктарын жана милдеттерин, үй-бүлөдөгү баланын мектеп - гимназияда ар тараптуу билим берүүнүн маанилүүлүгүн түшүндүрүү.

2.3. Балдарга тарбия берүүдөгү педагогдор менен ата-энелердин таасиринин биримдигин орнотуу.

2.4. Ата-энелер коомчулугун мектептин турмушуна активдүү катышууга тартуу үчүн ата-энелердин жана калктын арасында педагогикалык пропаганданы уюштуруу.

3. Ата-энелер комитетинин иши

3.1. Билим берүүнү уюштуруу үчүн оптималдуу шарттарды камсыз кылууга көмөктөшөт.

3.2. Класстык ата-энелер комитеттеринин ишин координациялайт.

3.3. Ата-энелер арасында алардын укуктары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрүү жана кеңеш берүү иштерин жүргүзөт.

3.4. Жалпы класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүгө жардам көрсөтөт.

3.5. Жалпы ата-энелер чогулушун уюштуруу жана өткөрүү боюнча мектептин администрациясына жардам берет.

3.6. Ата-энелер тарабынан комитетке жана мектептин ишине байланыштуу кайрылууларды карайт.

3.7. Мектептин салтына, мектептин жашоо образына байланыштуу пропаганда маселелери боюнча коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенет.

3.8. Мектептин жашы жете элек өспүрүмдөр арасындагы укук бузуулар, кароосуздук жана үй-жайсыз калган окуучулардын маселелери боюнча мугалимдер жамаат менен биргеликте профилактикалык иш-чараларды жүргүзөт.

3.9. Мугалимдер жамааты менен биргеликте окуучуларга кесиптик багыт берүү иштерин жүргүзөт.

4. Ата-энелер комитетинин укуктары

Ушул Жобо менен белгиленген компетенцияга ылайык, комитет төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

4.1. Мектептин окуу-тарбия процессин өркүндөтүү боюнча мектептин администрациясына сунуштарды киргизет жана алардын натыйжалары жөнүндө маалымат алышат.

4.2. Балдарга билим берүү жана тарбиялоо боюнча билим берүү уюмдарына кайрыла алат жана уюмдан түшүндүрмөлөрдү ала алат.

4.3. Чогулушка окуучулардын ата-энелерин (мыймаздуу өкүлдөрүн) чакырып класстык ата-энелер комитетинин ишин презентациясы менен чагылдырып бере алат жана класстык, мектептин ата-энелердин чечимин кабыл ала адышат.

4.5. Ата-энелердин окуучулардын өмүрүн жана ден-соолугун коргоо, алардын укуктарын сактоо боюнча кайрылууларына түшүндүрмөлөрдү берип ал боюнча класстын ата-энелер комитеттири менен биргеликте чара көрө алат.

4.6. Балдарды тарбиялоодон качкан ата-энелерге коомдук айып коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

4.7. Окуучулардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жигердүү иштеп, мектептин комитетинин ишине салым кошкону үчүн, жалпы класстан тышкаркы иштерге жардам бергендеги үчүн сыйлоого укуктуу.

4.8. Мүчөлөрү жетектеген туруктуу же убактылуу топторду уюштуруу алардын функцияларын жүзөгө ашыруу керек.

4.9. Комитеттин төрагасы мектептин Уставынын аткарылышы боюнча педагогикалык кенештин отурумдарында окуучулардын укуктарын коргоо боюнча катышышы мүмкүн.

5. Ата-энелер комитетитинин жоопкерчилиги

Комитет төмөнкүлөргө жооптуу:

5.1. Иш планынын аткарылышы.

5.2. Чечимдердин аткарылышы, комитеттин сунуштарынын аткарылышы.

5.3. Мектептин администрациясынын, мугалимдер жана окуучулардын атаэнелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрү) ортосунда үй-бүлөлүк жана социалдык билим берүү маселелеринде өз ара түшүнүшүүнү жана өз ара байланышты орнотуу.

5.4. Колдонулуп жаткан мыйзамга ылайык сапаттуу чечим кабыл алуу.

5. 6. Ата- энелер комитетинин ишине катышпаган комитеттин мүчөлөрү, төраганын сунушу боюнча анын кандитатурасын чакырып (алып салышы) алышы мүмкүн (жалпы ата-энелер чогулушунда).

6. Ата-энелер комитетинин жумушун уюштуруу

6.1. Комитетке төмөнкүдөй ата-энелердин өкүлдөрү кирет (мыйзамдуу өкүлдөр):

- ар бир класстан бир же эки адам.
- комитет жыл сайын окуу жылынын башталышындыгы класстык ата-энелер чогулушунда шайланат.

6.2. Комитеттин мүчөлөрүнүн санын мектеп жалпы ата-энелер чогулушунда ата-энелер өз-алдынча аныктайт.

6.3. Ата-энелер комитеттин биринчи отурумда комитет мүчөлөрү ишти оюштура турган

төрага шайланат.

6.4. Комитет окуу жылына карата белгиленген компетенцияны жана мектептин алдында турган милдеттерди эске алуу менен иш планын түзөт, анын мазмуну аныкталат мектептин директору тарабынан бекитилет.

7. Ата-энелер комитетинин иш кагаздары

7.1. Комитет мектепте иш кагаздарын жүргүзүү боюнча нускамага ылайык

чогулуштардын жана жалпы ата-энелердин чогулуштарынын протоколдорун жүргүзөт.

7.2. Пландар, аткарылган иштер боюнча отчеттор, жыйналыштардын протоколдору

Мектепте сакталат. Сактоо мөөнөтү үч жылдан ашпайт.

7.3. Комитеттеги иш кагаздары үчүн жоопкерчилик төрагага жана шайлаган комитет

катчысына жүктөлөт.